«DemirBank менен алгачкы кадамың үчүн 1000 сом» акциясы

1. Жалпы жоболор

1.1. Бул акцияны Улуттук банктын №035 лицензиясына ээ «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК (мындан ары — Банк) өткөрөт.

1.2. Акция лотерея же кумар оюну болуп саналбайт.

1.3. Акцияга катышуу кардардын «DemirBank менен алгачкы кадамыңыз үчүн 1000 сом» эрежелери менен толук макул болгондугун билдирет.

1.4. Акция жаңы кардарларды тартууга жана Банктын мобилдик тиркемесин жайылтууга багытталган.

2. Акцияны өткөрүү мөөнөтү

2.1. Акция 2026-жылдын 16-февралынан 16-мартына чейинки аралыкта өткөрүлөт. Эгерде көрсөтүлгөн күнгө чейин Банк тарабынан белгиленген 3 (үч) миллион сомдук лимит түгөнүп калса, акция мөөнөтүнөн мурда токтотулат.

2.2. Банк акцияны өткөрүү мөөнөтүн өзгөртүүгө же бюджети түгөнгөндө аны мөөнөтүнөн мурда токтотууга укуктуу, бул тууралуу расмий каналдар аркылуу 1 күндөн кечиктирбестен кабарлайт.

3. Акциянын катышуучулары

3.1. Акцияга төмөнкү жеке жактар катыша алышат:

* Буга чейин Банктын кардары болуп эсептелбеген;

* ишке жарамдуу жеке жактар;

* Акция өтүп жаткан мезгилде Банктын мобилдик тиркемеси аркылуу банктык эсеп ачкандар.

3.2. Акцияга төмөнкүлөр катыша албайт:

* Банктын кызматкерлери, алардын жубайлары жана жакын туугандары, ошондой эле Банк менен байланышкан жактардын кызматкерлери;

* Буга чейин Банктын мобилдик тиркемесинде катталган кардарлар;

* Банктын филиалдары аркылуу катталган кардарлар.

4. Акцияга катышуу шарттары

Акцияга катышуу үчүн төмөнкү шарттардын баарын аткаруу зарыл:

4.1. Банктын мобилдик тиркемесин жүктөп алып, ага катталып, акциянын мөөнөтү ичинде Банктын каалаган жакынкы бөлүмүнө кайрылып, Банктын кызматкерлери тарабынан жеке идентификациядан жана верификациядан өтүү керек.

📌 Акцияга бир кардар бир гана жолу катыша алат.

---

5. Сыйлык жана аны чегерүү тартиби

5.1. Акциянын бардык шарттарын аткарган катышуучуга 1 000 (бир миң) сом өлчөмүндө акчалай сыйлык чегерилет.

5.2. Сыйлык төмөнкү учурда чегерилет:

* акция аяктагандан кийин Банктагы кардардын банктык эсебине.

5.3. Сыйлыкты чегерүү мөөнөтү — акция аяктаган учурдан тартып 10 жумушчу күнгө чейин.

5.4. Акчалай сыйлык алуу укугу үчүнчү жактарга берилиши мүмкүн эмес.

---

6. Чектөөлөр

6.1. Бир кардар сыйлыкты бир гана жолу ала алат.

6.2. Ордуна башка адамдарды пайдалануу, алдамчылык аракеттер же кайра катталуу аракети сыйлык төлөнбөстөн акцияга катышууну жокко чыгарат.

6.3. Банк ушул Эрежелерди бузуу аныкталган учурда сыйлыкты чегерүүдөн баш тартууга укуктуу.

---

7. Катышуучуларды маалымдоо

7.1. Акция, шарттар жана өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат төмөнкү жерде жарыяланат:

* Банктын расмий сайтында;

7.2. Жеке билдирүүлөр Push-билдирүүлөр жана SMS аркылуу жөнөтүлүшү мүмкүн.

---

8. Корутунду жоболор

8.1. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:

• акциянын шарттарын өзгөртүүгө;

* акцияны мөөнөтүнөн мурда токтотууга же токтото турууга;

* ушул Эрежелерди КР мыйзамдарына ылайык чечмелөөгө.

8.2. Бардык талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет.

1. Сенин биринчи бонусуң — DemirBankтан 1000 сом

2. DemirBankтын кардары болуп, 1000 сом ал

3. Жаңы кардарларга 1000 сом

DemirBankтын мобилдик тиркемесине катталганыңыз үчүн

Байге фонду - 3 млн сом